КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Сектор делопроизводства
и контроля исполнения
Министерства здравоохранения
Кыргызской Республики
кириш
вход. № 463
на ___ б. л. тиркеме прилож. ___ б. л.
«03» 08 2017 ж.г.

**Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө**

2017-жылдын 21-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-глава. Жалпы жоболор**

**1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам дары каражаттарын жүгүртүү субъекттеринин ишинин укуктук негизин түзөт, Кыргыз Республикасында дары каражаттарын жүгүртүүгө карата бирдиктүү талаптарды белгилейт, ошондой эле дары каражаттарын иштеп чыгууга, аларды клиникага чейинки жана клиникалык изилдөөлөргө, өндүрүүгө, даярдоого, алардын сапатын, натыйжалуулугун, коопсуздугун баалоого, дары каражаттарын сатууга жана аларды жүгүртүү чөйрөсүндөгү башка аракеттерге байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

**2-берене. Ушул Мыйзамдын колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндө келип чыккан мамилелерге карата колдонулат.

2. Ушул Мыйзамдын колдонулуусу, баңгизат каражаттары, психотроптук заттар жана прекурсорлор жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, баңгизаттык жана психотроптук дары каражаттарын жүгүртүүгө жайылтылат.

**3-берене. Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Об обращении лекарственных средств**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

21 июня 2017 года

**Глава 1. Общие положения**

**Статья 1. Предмет регулирования настоящего Закона**

Настоящий Закон создает правовую основу деятельности субъектов обращения лекарственных средств, устанавливает единые требования к обращению лекарственных средств в Кыргызской Республике, а также регулирует отношения, возникающие в связи с разработкой, доклиническими и клиническими исследованиями лекарственных средств, производством, изготовлением, оценкой их качества, эффективности, безопасности, реализацией лекарственных средств и иными действиями в сфере обращения лекарственных средств.

**Статья 2. Сфера действия настоящего Закона**

1. Настоящий Закон применяется к отношениям, возникающим в сфере обращения лекарственных средств для медицинского применения на территории Кыргызской Республики.

2. Действие настоящего Закона распространяется на обращение наркотических и психотропных лекарственных средств с учетом особенностей, установленных законодательством Кыргызской Республики о наркотических средствах, психотропных веществах и прекурсорах.

**Статья 3. Законодательство Кыргызской Республики в сфере обращения лекарственных средств**

Законодательство Кыргызской Республики в сфере обращения лекарственных средств состоит из настоящего Закона, иных нормативных правовых актов Кыргызской Республики и вступивших в установленном законом порядке в силу международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика.

**4-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **биологиялык дары препараты** – таасир этүүчү заты биологиялык булактан өндүрүлгөн же бөлүнүп чыгарылган, касиеттерин сыпаттоо жана сапатын контролдоо үчүн өндүрүш процессин жана аны контролдоо усулдарына баа берүүнү биологиялык жана физикалык-химиялык талдоо усулдарына айкалыштыруу зарыл болгон дары препараты;

2) **биоаналогдук дары препараты (биоаналог, биоокшош дары препараты, биосимиляр)** – катталган биологиялык түп нуска (референттик) препараттын таасир этүүчү затынын версиясын камтыган, референттик препаратка салыштырып изилдөөлөрдүн негизинде сапат, биологиялык активдүүлүк, натыйжалуулук жана коопсуздук көрсөткүчтөрү боюнча окшоштугу көрсөтүлгөн биологиялык дары препараты;

3) **дары каражаттарынын экинчилик (керектөөчүлүк) таңгагы** – керектөөчүгө сатуу үчүн баштапкы же ортолук таңгактагы дары препараты жайгаштырылуучу таңгак;

4) **гомеопатиялык дары препараттары** – гомеопатиялык препараттарды өндүрүүнүн атайын технологияларына ылайык өсүмдүктөрдөн, жаныбарлардан жана минералдардан алынган заттардан даярдалган препараттар;

5) **дары каражаттарын мамлекеттик каттоо** – Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарын медициналык колдонууга уруксат алуу процесси;

6) **клиникага чейинки (клиникалык эмес) изилдөө** – алардын өзгөчө таасир этүүсүн жана/же адамдын ден соолугу үчүн коопсуздугунун далилдерин иликтөө максатында, баа берүүнүн илимий усулдарын колдонуу жолу менен, затты (дары каражатын) иликтөө боюнча эксперименттик изилдөөнүн химиялык, физикалык, биологиялык, микробиологиялык, фармакологиялык, токсикологиялык жана башка түрлөрү же изилдөөлөрдүн сериясы;

7) **дары препаратын медициналык колдонуу боюнча нускама (кошмо барак)** – саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы бекитүүчү, керектөөчү үчүн маалыматты камтуучу жана таңгактагы дары препаратын коштоочу документ;

8) **дары каражатын клиникалык изилдөө (сыноо)** – алардын коопсуздугун жана/же натыйжалуулугун ырастоо максатында, бир же бир нече изилденүүчү дары каражаттарынын клиникалык, фармакологиялык жана/же фармакодинамикалык таасирлерин айкындоого же тастыктоого жана/же бир же бир нече изилденүүчү дары каражаттарынын кыйыр реакцияларын айкындоого багытталган жана/же бир же бир нече изилденүүчү дары каражаттарынын сиңирилишин, бөлүштүрүлүшүн, метаболизмин жана бөлүп чыгарылышын изилдөө үчүн адам объект катары катышуучу кайсы болбосун изилдөө;

9) **дары препараты** – колдонууга даяр, белгилүү бир дары формасы түрүндөгү дары каражаты;

10) **дары өсүмдүк чийкизаты** – дары каражаттарын өндүрүү жана даярдоо үчүн пайдаланылуучу, жаңы же кургатылган өсүмдүктөр, балырлар, козу карындар же эңилчектер, же болбосо алардын бүтүн же майдаланган бөлүктөрү;

11) **дары өсүмдүктүк препарат** – активдүү компоненттери катары дары өсүмдүк чийкизатын жана (же) анын негизиндеги препараттарды гана камтуучу дары препараты;



**Статья 4. Основные понятия, используемые в настоящем Законе**

Для целей настоящего Закона используются следующие основные понятия:

1) **биологический лекарственный препарат** - лекарственный препарат, действующее вещество которого произведено или выделено из биологического источника, для описания свойств и контроля качества которого необходимо сочетание биологических и физико-химических методов анализа с оценкой производственного процесса и методов его контроля;

2) **биоаналогичный лекарственный препарат (биоаналог, биоподобный лекарственный препарат, биосимиляр)** - биологический лекарственный препарат, который содержит версию действующего вещества зарегистрированного биологического оригинального (референтного) препарата, для которого продемонстрировано сходство (подобие) на основе сравнительных исследований с референтным препаратом по показателям качества, биологической активности, эффективности и безопасности;

3) **вторичная (потребительская) упаковка лекарственных средств** - упаковка, в которую помещается лекарственный препарат в первичной или промежуточной упаковке для реализации потребителю;

4) **гомеопатические лекарственные препараты** - препараты, изготовленные из веществ растительного, животного и минерального происхождения в соответствии со специальными технологиями производства гомеопатических препаратов;

5) **государственная регистрация лекарственного средства** - процесс получения разрешения для медицинского применения лекарственного средства на территории Кыргызской Республики;

6) **доклиническое (неклиническое) исследование** - химическое, физическое, биологическое, микробиологическое, фармакологическое, токсикологическое и другие виды экспериментального исследования или серия исследований по изучению вещества (лекарственного средства) путем применения научных методов оценок в целях изучения специфического действия и/или доказательств безопасности для здоровья человека;

7) **инструкция по медицинскому применению лекарственного препарата (листок-вкладыш)** - документ, утверждаемый уполномоченным государственным органом, содержащий информацию для потребителя и сопровождающий лекарственный препарат в упаковке;

8) **клиническое исследование (испытание) лекарственного средства** - любое исследование при участии человека как объекта, направленное на выявление или подтверждение клинических, фармакологических и/или фармакодинамических эффектов одного или нескольких исследуемых лекарственных средств и/или выявление побочных реакций на один или несколько исследуемых лекарственных средств, и/или для изучения всасывания, распределения, метаболизма и выведения одного или нескольких лекарственных средств с целью подтверждения его (их) безопасности и/или эффективности;

9) **лекарственный препарат** - лекарственное средство в виде определенной лекарственной формы, готовой к применению;

10) **лекарственное растительное сырье** - свежие или высушенные растения, водоросли, грибы или лишайники либо их части, цельные или измельченные, используемые для производства и изготовления лекарственных средств;

11) **лекарственный растительный препарат** - лекарственный препарат, содержащий в качестве активных компонентов исключительно лекарственное растительное сырье и/или препараты на его основе;

12) **дары каражаты** – фармакологиялык, иммунологиялык же болбосо метаболикалык таасир этүү аркылуу адамдын дарттарынын алдын алууга, дарылоого, анын физиологиялык функцияларын калыбына келтирүүгө, коррекциялоого же өзгөртүүгө же адамдын дарттарынын жана абалын диагностикалоого багытталган, адамдын организми менен байланышка кирүүчү затты же заттардын комбинациясын билдирүүчү же камтуучу каражат;

13) **дары формасы** – аны берүүнүн жана колдонуунун ыкмаларына ылайык келүүчү жана зарыл натыйжага жетүүнү камсыз кылуучу дары препаратынын абалы;

14) **дары каражаттарын маркалоо** – дары препаратынын биринчи жана/же экинчи таңгагына коюлган маалымат;

15) **эл аралык патенттелбеген аталыш (ЭПА)** – таасир этүүчү заттын Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму сунуштаган аталышы;

16) **талаптагыдай жөнгө салуу практикасы** - дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүн дары каражаттарын иштеп чыгуудан тартып медициналык колдонууга чейин, ачык-айкындуулук, отчеттуулук жана жоопкерчилик каралган башкаруунун заманбап стратегияларын пайдалануу менен жөнгө салуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишинин бардык этаптарына жайылтылуучу эрежелер;

17) **дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү талаптагыдай фармацевтикалык практикалар** (мындан ары - **талаптагыдай фармацевтикалык практикалар**) – дары каражаттарын жүгүртүүнүн бардык этаптарына: талаптагыдай лабораториялык практикага, талаптагыдай клиникалык практикага, талаптагыдай өндүрүштүк практикага, талаптагыдай дистрибьютордук практикага, талаптагыдай дарыканалык практикага, фармакокөзөмөлдүн талаптагыдай практикасына жана башка практикаларга жайылтылуучу эрежелер;

18) **баңгизаттык дары каражаттары** – Кыргыз Республикасында контролго алынуучу баңгизаттык каражаттардын, психотроптук заттардын жана прекурсорлордун улуттук тизмелерине киргизилген баңгизаттык каражаттарды камтуучу дары каражаттары;

19) **дары каражаттарынын улуттук формуляры** - медициналык колдонуу үчүн жашоодогу маанилүү дары каражаттары жөнүндө көз карандысыз анык маалымат булагы болуп саналуучу жана дары каражаттарын сарамжалдуу пайдаланууга көмөк көрсөтүүчү, саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын маалымдама колдонмосу;

20) **сапатсыз (субстандарттуу) дары каражаттары** – спецификацияларга туура келбөөсүнүн натыйжасында колдонууга жараксыз дары каражаттары;

21) **жагымсыз реакция** – дары (изилденүүчү) препаратын колдонууга байланышкан, организмдин күтүлбөгөн жагымсыз реакциясы;

22) **сапат боюнча ченемдик документ** – каттоодо саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашыла турган, каттоодон кийинки мезгилде сапатты контролдоого арналган, өндүрүүчү тарабынан иштелип чыгуучу жана жүргүзүлгөн экспертизанын негизинде дары препаратынын сапатын контролдоого карата талаптарды (аналитикалык усулдардын жана сыноолордун спецификациясы жана сыноттальшы же аларга шилтемелер, ошондой эле сапаттын аталган көрсөткүчтөрү үчүн алгылыктуулуктун тиешелүү критерийлери) белгилөөчү документ;



12) **лекарственное средство** - средство, представляющее собой или содержащее вещество или комбинацию веществ, вступающее в контакт с организмом человека, предназначенное для профилактики заболеваний человека, лечения или восстановления, коррекции или изменения его физиологической функции посредством фармакологического, иммунологического либо метаболического воздействия или для диагностики заболеваний и состояний человека;

13) **лекарственная форма** - состояние лекарственного препарата, соответствующее способам его введения и применения и обеспечивающее достижение необходимого эффекта;

14) **маркировка лекарственных средств** - информация, нанесенная на первичную и/или вторичную упаковку лекарственного препарата;

15) **международное непатентованное наименование (МНН)** - наименование действующего вещества, рекомендованное Всемирной организацией здравоохранения;

16) **надлежащая регуляторная практика** - правила, распространяющиеся на все этапы деятельности уполномоченного государственного органа Кыргызской Республики в области здравоохранения по регулированию сферы обращения лекарственных средств от разработки до их медицинского применения с использованием современных стратегий управления, предполагающих прозрачность, подотчетность и ответственность;

17) **надлежащие фармацевтические практики в сфере обращения лекарственных средств (далее - надлежащие фармацевтические практики)** - правила, распространяющиеся на все этапы обращения лекарственных средств: надлежащая лабораторная практика, надлежащая клиническая практика, надлежащая производственная практика, надлежащая дистрибьюторская практика, надлежащая аптечная практика, надлежащая практика фармаконадзора и другие практики;

18) **наркотические лекарственные средства** - лекарственные средства, содержащие наркотические средства, включенные в национальные списки наркотических средств, психотропных веществ и прекурсоров, подлежащих контролю в Кыргызской Республике;

19) **национальный формуляр лекарственных средств** - справочное руководство уполномоченного государственного органа Кыргызской Республики в области здравоохранения, являющееся источником независимой достоверной информации о жизненно важных лекарственных средствах для медицинского применения и способствующее рациональному использованию лекарственных средств;

20) **недоброкачественные (субстандартные) лекарственные средства** - лекарственные средства, не пригодные к применению вследствие несоответствия спецификациям;

21) **нежелательная реакция** - непреднамеренная неблагоприятная реакция организма, связанная с применением лекарственного (исследуемого) препарата;

22) **нормативный документ по качеству** - документ, разрабатываемый производителем и устанавливающий требования к контролю качества лекарственного препарата (спецификация и описание аналитических методик и испытаний или ссылки на них, а также соответствующие критерии приемлемости для указанных показателей качества) на основании проведенной экспертизы, который согласовывается уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения при регистрации и предназначен для контроля качества в пострегистрационный период;

23) **обращение лекарственных средств** - разработка, доклинические и клинические исследования (испытания), экспертиза, регистрация, фармаконадзор,

23) **дары каражаттарын жүгүртүү** – дары каражаттарын иштеп чыгуу, клиникага чейинки жана клиникалык изилдөө (сыноо), экспертиза жүргүзүү, каттоо, фармакологиялык көзөмөлдөө, сапатын контролдоо, өндүрүү, даярдоо, ташуу, сактоо, берүү, сатуу, өткөрүп берүү, колдонуу, жок кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагына алып кирүү жана Кыргыз Республикасынын аймагынан алып чыгуу;

24) **жалпыга белгилүү аталышы** – эл аралык патенттелбеген аталышы жок дарылык препарттын фармацевтикалык субстанциясынын аталышы;

25) **орфандык дары препараты** – сейрек ооруларды дарылоого жана диагностикалоого арналган дары препараты;

26) **жашоодо өтө маанилүү дары каражаттарынын тизмеги** – оорулардын алдын алуу жана дарылоо максатында саламаттык сактоонун артыкчылыктуу керектөөлөрүн камсыз кылуучу, медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарынын тизмеги;

27) **биринчи (ички) таңгак** – дары каражаты түздөн-түз сакталуучу таңгактоочу материал;

28) **эксперименттик дары каражаттарын пайдалануу программалары (ырайымдуулукту пайдалануу программалары)** – жактырылган дарылоо чыга элек оорудан жабыркаган бейтаптардын жана/же клиникалык сыноолорго катыша албай турган бейтаптардын өмүрүн мүмкүн болушунча сактап калуу үчүн эксперименттик дары каражаттарын берүү боюнча программалар;

29) **психотроптук дары каражаттары** – Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңгизаттык каражаттардын, психотроптук заттардын жана прекурсорлордун улуттук тизмектерине киргизилген психотроптук заттарды камтуучу дары каражаттары;

30) **радиофармацевтикалык дары препараты** – колдонууга даяр абалында таасир этүүчү зат катарында же таасир этүүчү заттын курамында бир же бир нече радионуклиддерди (радиоактивдүү изотопторду) камтуучу дары препараты;

31) **каттоо номери** – каттоодо дары каражатына ыйгарылуучу, аны Кыргыз Республикасынын Дары каражаттарынын мамлекеттик реестрине киргизгенде коюлуучу жана Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттары жүгүртүлгөн бүткүл мезгил ичинде өзгөртүүсүз сакталуучу коддук белгилеме;

32) **дары каражатын мамлекеттик каттоо жөнүндө каттоо ырастамасы** – саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан берилүүчү, каттоо фактысын ырастоочу жана Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражатын медициналык колдонуу үчүн уруксаты болуп саналуучу бирдиктүү формадагы документ;

33) **дары препаратына рецепт** – белгилүү бир дозада жана дары формасында дары препаратын берүү максатында, аны колдонуунун, даярдоонун же берүүнүн ыкмасын көрсөтүү менен, ушуга укугу бар медициналык кызматкердин дарыкана уюмуна жазуу жүзүндөгү кайрылуусун камтуучу документ;

34) **спецификация** – сапаттын көрсөткүчтөрү үчүн сандык чектерди, диапазондорду жана башка критерийлерди билдирүүчү аналитикалык усулга жана сыноолорго жана ченемдерге шилтемелердин тизмеги;

35) **дары каражатынын жарактуулук мөөнөтү** – ташуу жана сактоо шарттарын сактоодо дары каражатынын коопсуздугу, натыйжалуулугу жана сапаты кепилденген, дары каражатын колдонуу үчүн белгиленген убакыт;



контроль качества, производство, изготовление, транспортировка, хранение, отпуск, реализация, передача, применение, уничтожение лекарственных средств, а также ввоз на территорию Кыргызской Республики и вывоз с территории Кыргызской Республики;

24) **общепринятое наименование** - наименование фармацевтической субстанции лекарственного препарата, которое не имеет международного непатентованного наименования;

25) **орфанный лекарственный препарат** - лекарственный препарат, предназначенный для диагностики и лечения редких болезней;

26) **перечень жизненно важных лекарственных средств** - перечень лекарственных средств для медицинского применения, обеспечивающих приоритетные потребности здравоохранения в целях профилактики и лечения заболеваний;

27) **первичная (внутренняя) упаковка** - упаковочный материал, непосредственно соприкасающийся с лекарственным средством;

28) **программы использования экспериментальных лекарственных средств (программы сострадательного использования)** - программы по предоставлению экспериментальных лекарственных средств для потенциального спасения жизни пациентов, страдающих болезнью, от которой не существует одобренного лечения, и/или для пациентов, которые не могут принять участие в клиническом испытании;

29) **психотропные лекарственные средства** - лекарственные средства, содержащие психотропные вещества, включенные в национальные списки наркотических средств, психотропных веществ и прекурсоров, подлежащих контролю в Кыргызской Республике;

30) **радиофармацевтический лекарственный препарат** - лекарственный препарат, содержащий в готовом для применения состоянии один или несколько радионуклидов (радиоактивных изотопов) в качестве действующего вещества или в составе действующего вещества;

31) **регистрационный номер** - кодовое обозначение, присваиваемое лекарственному средству при регистрации, под которым оно вносится в Государственный реестр лекарственных средств Кыргызской Республики и сохраняется неизменным в течение всего периода пребывания лекарственного средства на территории Кыргызской Республики;

32) **регистрационное удостоверение о государственной регистрации лекарственного средства** - документ единой формы, выдаваемый уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения, подтверждающий факт регистрации и являющийся разрешением для медицинского применения лекарственного средства на территории Кыргызской Республики;

33) **рецепт на лекарственный препарат** - документ, содержащий письменное обращение медицинского работника, имеющего на это право, в аптечную организацию в целях отпуска лекарственного препарата в определенной дозировке и лекарственной форме с указанием способа применения или его изготовления и отпуска;

34) **спецификация** - перечень показателей качества, ссылок на аналитические методики и испытания и нормы, представляющие собой численные (количественные) пределы, диапазоны и прочие критерии для указанных показателей качества;

35) **срок годности лекарственного препарата** - время, установленное для применения лекарственного препарата, в течение которого гарантируется его безопасность, эффективность и качество при соблюдении условий транспортировки и хранения;

36) **фармацевтикалык иштин субъекттери** – ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык жана тийиштүү лицензиянын негизинде фармацевтикалык ишти жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде чет өлкөлүк жактар;

37) **жасалмаланган (чыныгы эмес) дары препараты** – курамы же өндүрүүчүсү жөнүндө анык эмес маалымат менен же түп нускасына жана/же келип чыгуу булагына карата анык эмес таңгак менен атайылап жабдылган даяр дары каражаты;

38) **фармакопея** – дары каражаттарын фармакопеялык талдоодо, өндүрүүдө, даярдоодо жана сапатын контролдоодо колдонулуучу негизги сапат стандарттарынын жыйнагы;

39) **фармацевтикалык субстанция** – дары препаратыларды өндүрүүгө арналган дары каражаты;

40) **фармакологиялык көзөмөл** – дары препараттарды колдонуунун жагымсыз натыйжаларын айкындоого, баалоого, түшүнүүгө жана болтурбоого багытталган иш;

41) **эксперименттик дары каражаттары** – клиникалык сыноолордун бардык фазаларын бүтүрбөгөн, бирок клиникалык сыноолордун II фазасынан өткөн жана ырайымдуулукту колдонуу программаларынын алкагында ооруларды дарылоо үчүн пайдаланылуучу дары каражаттары;

42) **дары каражатынын натыйжалуулугу** – алдын алуучулук, диагностикалык жана дарылоочулук натыйжага жетишүүнү же физиологиялык функцияны калыбына келтирүүнү, коррекциялоону же модификациялоону камсыз кылуучу мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы.

### 5-берене. Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери

Жарандардын саламаттыгын сактоого багытталган мамлекеттик дары саясатынын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) адамдын ден соолугуна жана өмүрүнө зыян келтирүүсү мүмкүндүгүнөн улам спецификалык товар болуп саналуучу, ошондой эле ташууда, сактоодо, өндүрүүдө, даярдоодо, сатууда жана жок кылууда өзгөчө контролдоону талап кылуучу сапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз дары каражаттарына жарандардын иретке салынган жетүүсүн камсыз кылуу;

2) дары каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу;

3) фармацевтикалык иштин туруктуу жүргүзүлүшү үчүн зарыл ченемдик укуктук базаны түзүү;

4) саламаттык сактоо системасынын керектөөлөрүнө жооп берүүчү, дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты калыптандыруу;

5) дары каражаттарынын ата мекендик өндүрүшүн өнүктүрүү жана колдоо;

6) дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндө айкын жана ак ниет мамлекеттик башкарууну жана бизнес жүргүзүүнү камсыз кылуу;

7) дары каражаттары тууралуу анык маалыматка жетүүнү камсыз кылуу;

8) дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндө Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму сунуштаган талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын принциптерин сактоо;

5

36) **субъекты фармацевтической деятельности** - физические и юридические лица, в том числе иностранные, осуществляющие фармацевтическую деятельность в соответствии с требованиями настоящего Закона и на основе соответствующей лицензии;

37) **фальсифицированный (поддельный) лекарственный препарат** - готовое лекарственное средство, преднамеренно снабженное недостоверной информацией о его составе или производителе или упаковкой в отношении его подлинности и/или источника происхождения;

38) **фармакопея** - сборник основных стандартов качества, применяемых в фармакопейном анализе, производстве, изготовлении и контроле качества лекарственных средств;

39) **фармацевтическая субстанция** - лекарственное средство, предназначенное для производства лекарственных препаратов;

40) **фармаконадзор** - деятельность, направленная на выявление, оценку, понимание и предотвращение нежелательных последствий применения лекарственных средств;

41) **экспериментальные лекарственные средства** - лекарственные средства, не завершившие все фазы клинических испытаний, но прошедшие II фазу клинических испытаний и используемые для лечения заболеваний в рамках программ сострадательного использования;

42) **эффективность лекарственного средства** - совокупность характеристик, обеспечивающих достижение профилактического, диагностического и лечебного эффекта или восстановление, коррекцию или модификацию физиологической функции.

### Статья 5. Основные принципы государственной политики в сфере обращения лекарственных средств

Основными принципами государственной политики в сфере обращения лекарственных средств, направленной на охрану здоровья граждан, являются:

1) обеспечение упорядоченного доступа граждан к качественным, эффективным и безопасным лекарственным средствам, являющимся специфическим товаром в силу возможного причинения вреда здоровью и жизни человека, а также требующим особого контроля транспортировки, хранения, производства, изготовления, реализации и уничтожения лекарственных средств;

2) рациональное использование лекарственных средств;

3) создание необходимой нормативной правовой базы для устойчивого функционирования фармацевтической деятельности;

4) формирование государственной политики в сфере обращения лекарственных средств, отвечающей потребностям системы здравоохранеиия;

5) развитие и поддержка отечественного производства лекарственных средств;

6) обеспечение прозрачности и добросовестного государственного управления и ведения бизнеса в сфере обращения лекарственных средств;

7) обеспечение доступности достоверной информации о лекарственных средствах;

8) соблюдение принципов надлежащей регуляторной практики в сфере обращения лекарственных средств, рекомендованной Всемирной организацией здравоохранения;

9) дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндө эл аралык, анын ичинде Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму сунуштаган талаптагыдай фармацевтикалык практикаларды таануу жана киргизүү.

## 2-глава. Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндө келип чыгуучу мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу

### 6-берене. Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндө келип чыгуучу мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу

Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу төмөнкүдөй жолдор менен жүзөгө ашырылат:

1) Кыргыз Республикасынын калкын сапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз дары каражаттары менен камсыз кылуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү;

2) жашоодо өтө маанилүү дары каражаттарынын тизмегиндеги дары каражаттарына бааны жөнгө салуунун натыйжалуу саясатын аныктоо;

3) дары каражаттарын жүгүртүүнү жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу, кабыл алуу жана аткаруу;

4) дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө;

5) дары каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды өндүрүүнү, даярдоону жана сатууну лицензиялоо;

6) Кыргыз Республикасында колдонулуучу бардык дары каражаттары тууралуу маалыматка калктын эркин жетүүсүн камсыз кылуу;

7) Кыргыз Республикасында колдонууга уруксат берилген дары каражаттары жана медициналык багыттагы буюмдар боюнча маалыматтардын электрондук (маалыматтык) базасын түзүү;

8) ушул Мыйзамда же башка ченемдик укуктук актыларда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде белгиленген башка чараларды көрүү.

### 7-берене. Дары каражаттарын жүгүртүү чөйрөсүндөгү талаптагыдай фармацевтикалык практикалар

1. Дары каражаттарын иштеп чыгууда, клиникага чейинки жана клиникалык изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүдө, өндүрүүдө, ташууда, сактоодо, чекене жана дүң сатууда калкты сапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз дары каражаттары менен камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, талаптагыдай фармацевтикалык практикалардын эрежелери иштелип чыгат.

2. Талаптагыдай фармацевтикалык практикаларга: талаптагыдай лабораториялык практика, талаптагыдай клиникалык практика, талаптагыдай өндүрүштүк практика, талаптагыдай дистрибьютордук практика, талаптагыдай дарыканалык практика, талаптагыдай сактоо практикасы, талаптагыдай фармакологиялык көзөмөлдөө практикасы жана башка практикалар кирет.

3. Талаптагыдай фармацевтикалык практикаларга ылайык келүү Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тийиштүү документти берүүсү менен ырасталат.



9) признание и внедрение международных надлежащих фармацевтических практик в сфере обращения лекарственных средств, в том числе рекомендованных Всемирной организацией здравоохранения.

## Глава 2. Государственное регулирование отношений, возникающих в сфере обращения лекарственных средств

### Статья 6. Государственное регулирование отношений, возникающих в сфере обращения лекарственных средств

Государственное регулирование отношений в сфере обращения лекарственных средств осуществляется путем:

1) проведения единой государственной политики в сфере обеспечения населения Кыргызской Республики качественными, эффективными и безопасными лекарственными средствами;

2) определения эффективной политики ценорегулирования на лекарственные средства из перечня жизненно важных лекарственных средств;

3) разработки, принятия и исполнения нормативных правовых актов, регламентирующих обращение лекарственных средств;

4) государственного контроля и надзора в сфере обращения лекарственных средств;

5) лицензирования производства, изготовления и реализации лекарственных средств и изделий медицинского назначения;

6) обеспечения свободного доступа населения к информации обо всех лекарственных средствах, применяемых в Кыргызской Республике;

7) создания электронной (информационной) базы данных по лекарственным средствам и изделиям медицинского назначения, разрешенным к применению в Кыргызской Республике;

8) принятия иных мер, установленных настоящим Законом, иными нормативными правовыми актами или вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

### Статья 7. Надлежащие фармацевтические практики в сфере обращения лекарственных средств

1. В целях обеспечения населения качественными, эффективными и безопасными лекарственными средствами при разработке, проведении доклинических и клинических исследований (испытаний), производстве, транспортировке, хранении, оптовой и розничной реализации разрабатываются правила надлежащих фармацевтических практик, утверждаемые Правительством Кыргызской Республики.

2. К надлежащим фармацевтическим практикам относятся надлежащая лабораторная практика, надлежащая клиническая практика, надлежащая производственная практика, надлежащая дистрибьюторская практика, надлежащая аптечная практика, надлежащая практика хранения, надлежащая практика фармаконадзора и другие практики.

**8-берене. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик фармакопеясы**

1 Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик фармакопеясын иштеп чыгат жана басып чыгарат.

2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик фармакопеясы дүйнөдөгү алдыңкы фармакопеяларга шайкеш келтирилет жана алардын стандарттарынын өзгөрүүсүнө байланыштуу мезгил-мезгили менен жаңыланып турат.

3. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик фармакопеясы түзүлгөнгө чейин Кыргыз Республикасынын фармацевтикалык рыногундагы дары каражаттарынын сапаты жана коопсуздугу жалпыга таанылган чет өлкөлүк фармакопеялардын жана стандартташтыруу, метрология жана сертификация чөйрөсүндөгү өкмөттөр аралык макулдашууларга катышуучу мамлекеттердин фармакопеяларынын талаптарына ылайык белгиленет.

**3-глава. Дары каражаттарынын сапатын, натыйжалуулугун жана коопсуздугун контролдоонун жана көзөмөлдөөнүн мамлекеттик тутуму**

**9-берене. Дары каражаттарын мамлекеттик каттоо жана каттоону ырастоо**

1. Дары каражаттары, эгерде алар мамлекеттик каттоо жол-жобосунан өткөрүлсө, ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын аймагына алып келинет, өндүрүлөт, сатылат жана пайдаланылат.

2. Дары каражаттарынын каттоо, каттоону ырастоо, дары препаратынын каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүү, мамлекеттик каттоо үчүн төлөмдүн өлчөмүн аныктоо тартиби жана дары препаратынын каттоо досьесинде камтылган маалыматтын купуялуулугун аныктоо критерийлери, эгерде Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача белгиленбесе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Каттоо ырастамасынын кармоочусу Кыргыз Республикасынын аймагында катталган дары каражаттарынын сапаты, натыйжалуулугу жана коопсуздугу үчүн жоопкерчилик тартат;

3. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун алдын ала квалификацияланган дары каражаттарынын тизмегине киргизилген дары каражаттарына карата, ошондой эле АКШнын Тамак-аш азыктары жана дары каражаттары боюнча администрациясы (FDA), Медицина продуктылары боюнча Европа агенттиги (EMA) (борборлоштурулган жол-жобо боюнча), Япониянын Дары каражаттары жана медициналык багыттагы продуктылар боюнча агенттиги (PMDA), Швейцария терапевтикалык продуктылар агенттиги (Swissmedic) жана Улуу Британия Дары каражаттарын жана медициналык багыттагы продуктыларды жөнгө салуу боюнча агенттиги сыяктуу жөнгө салуучу органдар тарабынан катталган дары каражаттарына карата каттоонун тездетилген жол-жобосу колдонулат.

Дары каражаттарын каттоонун тездетилген жол-жобосун жүргүзүү тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

4. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү программалардын алкагында гуманитардык жардам линиясы боюнча келип түшүүчү орфандык препараттарды жана дары каражаттарын каттоодо арыз берүүчү дары каражаттарын каттоого байланышкан чыгымдарды төлөөдөн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипте бошотулат.



3. Соответствие надлежащим фармацевтическим практикам подтверждается выдачей уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения соответствующего документа.

**Статья 8. Государственная фармакопея Кыргызской Республики**

1. Уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения разрабатывается и издается Государственная фармакопея Кыргызской Республики.

2. Государственная фармакопея Кыргызской Республики гармонизируется с ведущими фармакопеями мира и периодически обновляется в связи с изменением их стандартов.

3. До создания Государственной фармакопеи Кыргызской Республики качество и безопасность лекарственных средств на фармацевтическом рынке Кыргызской Республики устанавливаются требованиями общепризнанных зарубежных фармакопей и фармакопеи государств-участников межправительственных соглашений в сфере стандартизации, метрологии и сертификации.

**Глава 3. Государственная система контроля и надзора за качеством, эффективностью и безопасностью лекарственных средств**

**Статья 9. Государственная регистрация и подтверждение регистрации лекарственных средств**

1. Лекарственные средства ввозятся, производятся, реализуются и используются на территории Кыргызской Республики, если они прошли процедуру государственной регистрации, за исключением случаев, предусмотренных настоящим Законом.

